**УДК:37.012:378.1**

***Аскарали кызы Жазгул***

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК–ЖАРАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ТУУРАЛУУ

***Аскарали кызы Жазгул***

# О НЕКОТОРЫХ ВОПРОСАХ ФОРМИРОВАНИЯ СОЦИАЛЬНО-ГРАЖДАНСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ ШКОЛЬНИКОВ

***Askarali k Zhazgul***

# ABOUT SCHOOL STUDENTS SOCIO-CITIZENSHIP COMPETENCY DEVELOPING PROBLEMS

**Аннотация:** Макалада азыркы мезгилдеги билим берүү жана тарбиялоо маселелериндеги көйгөйлөрдү ачып көрсөтүүгө аракет жасалган. Келечек коом кимдин колунда деген концептуалдуу курч суроо коюлуп, маселени чечүүнүн концепцтуалдык багыты катары компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрү сунушталган.

**Негизги сөздөр:** Билим берүү, тарбиялоо, компетенция, компетенттүүлүк.

**Аннотация:** В статьи рассматривается проблемы образования и воспитание. Автор ставит острую проблему в чьих руках будущее общество. Автором статьи рекомендуется одна из концепцией решение данного вопроса формирования компетентостной молодежи.

**Ключевые слова:** образование, воспитание, компетенция, компетентность.

**Annotation:** The article contemplate the problems of upbringing and education. The author poses an acute problem in whose hands the future of the society. The author of the article recommends one of the concepts of solving this problem of forming competent youth.

**Key words:** education,competence, upbringing

Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү ааламдаштыруу шартында болуп жаткан өзгөрүүлөр, билим берүүнүн мазмунундагы баалуулуктарга болгон мамиленин өзгөрүшү, мектеп окуучуларынын келечекте өнүккөн коомду куруучу катары калыптандыруудагы окутуу жана тарбиялоо маселесинде бир кыйла көйгөйлөр келип чыгууда. Келечектин жаранын окутууда жана тарбиялоодо аларга жалаң эле маалымат жүктөө эмес алардын адамгерчилиги, максаттуулугу, эмгекчилдиги, адептүүлүгү, аң сезими, психологиялык жана физиологиялык жактан өнүгүшү, ден–соолугу боюнча маселелер бүгүнкү күндө абдан манилүү. Биз жогоруда белгилеп өткөн келечектин муунуна тиешелүү сапаттар педагогика илиминде заманбап шайкеш келген же болбосо компетенттүү деген термин менен көрсөтүлүп жатат. Билим берүү аркылуу окутуу жана тарбиялоо маселесин чечүүдө Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын Европалык системага интеграцияланышынын шартында ишке ашырылууда. Кыргыз Республикасы да Болон конвенциясына кошулуу менен билим берүү системасында окутуунун жаңы максаттарын аныктоодо. Ал максаттар компетенттик негиздөө логикасында орун алып кесиптик билим

берүүнүн теориясына жана практикасына киргизилген.Окутууга болгон компетенттик мамиле дүйнөлүк билим берүү системасында эң негизги багыттардын бири болууда [1]. Ошондуктан Кыргыз Республикасындагы билим берүү тармагында бул багыт бирден бир эң маанилүү концептуалдык шарт катары каралууда. Билим берүүнүн жыйынтыктарына карата болгон учурдун талаптарын чагылдырган «компетенттүүлүк» Батыштын педагогикалык ойлорунан алынган жана ийгилик философиясы менен тыгыз байланышкан. Анткени, адистештирилген ийгиликтүү ишмердүүлүк гана бүгүнкү күндө күтүлүп жаткан билим берүү сапатынын натыйжасы жана критерийи боло алат. Компетенттүүлүк – адамдын билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана ишмердүүлүктөрүн белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү. Ал эми компетенция – (лат. Compete – шайкеш келүү, кесиптик) натыйжалуу иштөөсү үчүн билим даярдыгына карата алдын – ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси). «Компетенттүүлүк» жана «Компетенция» түшүнүктөрү билим берүү системасында билим берүү процессин модернизациялоого жана аны азыркы мезгилдеги эл аралык стандартка алып келүүгө байланышкан. Көпчүлүк учурда бул эки синонимдик түшүнүктөрдү «Компетенттүүлүк» жана «Компетенцияны» ажыратып айырмалуу пайдалануу сунушталат (П.В. Занина жана Н.П. Меньшиковалар).

Компетенттүү мамиле – бул көптөгөн окуу жайларды жана эмгек рыногунун муктаждыгын тийиштүү калыпка салууга жасаган аракет. Кээ бир окумуштуулар компетентүүлүк мамиле бул – «билим берүүгө ачык заказ идеясы» менен байланыштырат. Ошентип, азыркы учурда билим берүү үчүн компетенттүүлүк идеясы – бул биринчи кезекте, билим берүүнүн мазмунуна карата болгон ачык талаптын идеясы болуп саналат. «Компетенттүүлүк», «компетенция» түшүнүктөрү Болондук окутуу системасындагы алгач категориялар катары Европалык Союздун мамлекеттериндеги окумуштуулар Р. Бадер, Д. Мартенс, Б. Оскарсон, А. Шелтен, Саймон Ш. ж.б. изилдөөчүлөр тарабынан киргизилген. Россиялык окумуштуу педагогдор В.И. Вайденко, И.А. Зимняя, О.Е. Лебедева ж.б. бул багытка өз салымдарын кошушту. Компетенциялардын негизин И.А Зимняя [2]. төмөнкүдөй белгилеген.

Компетенциянын неиздери (түрлөрү);

1. Инсан катары адамдын өзүнө, пикир алышуу ишмердүүлүгүнүн субъектисине тийиштүү компетенциялар.
2. Адамдын жана социалдык чөйрөнүн социалдык карым–катнашына тийиштүү компетенциялар.
3. Адамдын ишмердүүлүгүнө тийиштүү компетенциялар [3]. Кыргыз окумуштуу педагогдору да бул багытта терең изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, өз салымдарын педагогикалык илим системасына киргизишүүдө. Алар И.Б. Бекбоев, Э.М. Мамбетакунов, Ж.У. Байсалов, Ш.А. Алиев, К.М. Төрөгелдиева, А.К. Наркозиев, Г.К Жыргалбекова жана башкалар [4].

Социалдык–экономикалык билим берүү мугалимдерин даярдоодогу компетенциялар жана компетенттүүлүктөр тууралуу И.Арабаев атындагы КМунун доценти Г.К. Жыргалбекова да бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүп келет. Анын изилдөөлөрү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептери үчүн тарых жана социалдык–экономикалык багыттагы мугалимдерди даярдоонун компетенттүүлүгү маселесине арналган. Тарых курстарынын мазмунуна коомдук билимдердин, элективдик курстардын мазмундарын интегративдүү айкалыштырып окутуу компетенттүүлүгүнө ээ болгон жогорку квалификациялуу мугалимдерди даярдоо азыркы учурдун талабы.

Ошондой эле азыркы мезгилдин талабы боюнча келечектеги тарых мугалиминин моделин иштеп чыгууда анын адистик эле эмес, инсандык – адамдык сапаттарына дагы жогору маани берүү турмуштун талабы [5].

Билим берүүнүн гуманисттик парадигмасы тарбия жана билим берүүнүн ар бир катышуучуларына б.а. билим берүүчү менен билим алуучунун субъект–субъекттик өз ара аракетине, тандоо эркиндигин ыйгарат. Мындай жагдайда билим жана тарбия берүүнү өтө

жогорку квалификациялуу, чыгармачылык менен иштеген, социалдык активдүү, конкуренттик жөндөмдүү, гумандуулук баалулуктарга багытталган, тандоо ситуациясында өз алдынча чечим кабыл ала турган жана чечимине жооп бере турган педагог инсан гана ишке ашыра алат.

Компетенттүү мамиледе сабак билим берүүнүн уюштуруунун бир формасы сакталат. Бирок, сабактарды уюштуруунун сабактан тышкары формаларын – сессия, долбоор боюнча топ, китепканада же компьютердик класста өз алдынча иштөө сыяктуу билим алуунун башка формаларын колдонуу кеңейтүүгө көбүрөөк басым жасалат. Окуу материалдарын уюштуруунун жана өздөштүрүүнүн негизги бирдиги болуп модуль эсептелет. Ошондуктан, компетенттүү – багытуу билим берүүдө окуу китептери салттуу билим берүүдөгү түзүлүштөн айырмаланып турат. Дээрлик кыска мөөнөттө сабактарды уюштуруу үчүн локалдуу материалдар эмес, блок катары модулдар белгиленген. Студенттердин өзүнүн жоопкерчилиги жана активдүүлүк идеясына негизделген киришүү жана иштин формасын апробациялоодон турган окутуунун технологияларын өзгөрттү. Бул мугалимдин бир жактуу активдүүлүгүнөн өз алдынча окууга, студенттердин жоопкерчилигине жана активдүүлүгүнө өтүүсү, компетентүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган бардык өзгөрүүлөрдүн жалпы белгиси. Компетенция өз ичине инсанга тиешелүү өз ара байланышкан сапаттардын тобун билүү, жөндөмдүүлүктү педагогикалык иш аракетте аткара алуу, педагогдук мамилелешүү жана мугалимдин белгилүү баалуулуктарды, идеалдарды жана педагогикалык аң–сезимди коштоп жүрүүнү өз ичине алат. Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү интегралдык мүнөздөгү педагогдун компетенттүүлүгү болот жана ал өзүнчө структураны түзүп, бир канча элементтерден турат. «Ачыктык компетенция» түшүнүгү өтө мааниге ээ болуп көптөгөн турмуштук сферада орун алып, коомдун эффективдүү функцияда жашоосуна кепилдик кылат.Компетентүүлүк мамилеси нагыз билимге эмес, эстеп калган, жаттап алган нерсени билим деп эсептеген иллюзияга карама-каршы коюлган. Мугалимдин инсандык психологиялык багыты боюнча кесипке даярдыгы келечек муундарды тарбиялоодо өтө маанилүү экени талашсыз [6]. «Ачыктык компетенциялардын» түрлөрү арбын жана алар ар бир конкреттүү илим тармактарына тиешелүү болушат. Мисал катары мугалимдерге керектүү болгон «ачыктык» компетенцияларды келтирели. Алар:

- Баалуулуктуу – маңыздык компетенция;
- Жалпы маданий компетенция;
- Окуу–таанып билүүчүлүк компетенция;
- Информациялык компетенция;
- Социалдык–эмгектик компетенция;
- Өздүк–өркүндөө компетенциясы ж.б. болот.

Кээде баарыбыз келечектеги коом, келечектеги жашоо-турмуш жөнүндө кыялданып жатып, төмөнкү ойлорду ойлонушубуз мүмкүн:

- Азыркы тапта мектеп окуучуларына социалдык–жарандык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу кандай деңгээлде?
- Биз келечектеги коом үчүн кимдерди даярдап жатабыз?
- Биз келечектен кооптонбош үчүн кандай жаштарды даярдап жатабыз?
- Мектеп окуучуларында мекенди, элин сүйүү сезимдери жана эмгекчилдик, жоопкерчилик алуу сапаттары канчалык деңгээлде калыптанган?
- Мектеп окуучуларынын кабыл алып жактырган баалуулуктары эмнелер жана алар биздин коомдун, элдин салттары, баалуулуктары менен кошо берген билимибиз дал келеби?
- Жаштарыбыз өз алдынча ой жүгүртүүгө жөндөмдүүбү, алдыларына максат коюп ага жетүүгө аракеттенген жаштарбы?
- Билимге, билгичтикке, окуп-үйрөнүүгө умтулушабы же жогорку билимдүү деген диплом алуу үчүн окуганы келишеби?

- Келечек тууралуу өз көз карашы бар, көз каранды болбой жашоо сыяктуу кыялдары барбы?ж.б. ойлор, бул көрүнүш ар бир педагогду жана ар бир кыргыз атуулун ойлонтуп келет.

Биз келечек жөнүндө ой жүгүртүп жатып, эң жөнөкөйдөн, келечекте кимдер менен кошуна болоорубузду же кимдер менен, кандай инсандар менен иштей турганыбызды элестетсек, керектүү картина/сүрөт белгилүү болот. Азыркы айылдык мектептердеги жалпы абалды, мугалимдердин жетишсиздиги менен бирге, даярдыгы жетиштүү болбогон кадрларды, кесиби мугалим болбосо да мугалим болуп иштеп жаткандардын келечекке берген оң же терс таасирин, мектеп психологунун же мектептеги психолог–консультанттардын, окуу китептеринин жетишсиздиги сыяктуу проблемаларды алалы. Шаарда ата –энелер тарабынан каралбай калган балдар, көчө балдары –кароосуз калгандар, кайыр сурап жүргөнгө мажбур болгондор, майда–чүйдө уурдап жашоого мажбур болгон балдар, же көчөдөгү аларга каршы күч колдонууну башынан өткөргөн балдар, (психологиялык же физиологиялык таяк жеген) ар бир нерсени акча менен гана баалагандар... эртеңки күндүн, 15, 20, 30 жылдан кийинки убакыттын чоң кишилери, жашоочулары болушат. Көбүнчө зордук зомбулукка баш ийип жашаган, сырттан да, телевидениеден да, газеталардан да ошондой кабарларды угуп, ошондой көрүнүштүн күбөсү болгон, азыркы жаш балдардын чоңойгондо толук кандуу, аң сезимдүү, маданияттуу, жоопкерчиликтүү инсан болооруна кантип кепил боло алабыз? Албетте, бул жерде бүт бардык мектептерди же коомубузду ушундай абалда дегенден алыспыз. Антсе да, мындай көрүнүш өлкөбүздө бар экени чындык жана муну көрмөксөн болууга акыбыз жок. Ушундай кыйынчылык менен бирге алдыңкы тажрыйбаларын таратып, жаштарыбызды бүтүндөй өлкө сыймыктана турган деңгээлде тарбиялап жаткан мектептерибиз, мугалимдерибиз, окуу жайларыбыз да аз эмес. Мындай көрүнүш албетте бизди сүйүнтөт.

Ушул белгиленгендерге жана эмнени каалаганыбызга, күткөнүбүзгө байланыштуу билим берүүнүн максатын белгилеп алсак болот жана максатты белгилөө кечиктирилгис иш. Билим берүүнүн жалпы максаты болбосо, (ар бир сабактын максаты бар, кеп анда эмес) китепте жазылгандар жетпейт, китепте программада белгиленген, окутулуп–үйрөтүлүп жаткан маалымат, көндүм жана билимдер билим берүүнүн максатына ылайык кайрадан каралып чыгуусу сапатты өзгөртүүгө түрткү болот эле. Өлкөнүн билим берүү тууралуу мыйзамында максат белгилүү болбогондон кийин жалгыз принциптерге таянып окутуу жетиштүү болбойт. Биз 10–15–20 же 30 жылдан кийин өлкөбүздө кандай атуулдарды көргүбүз келгенин эмитеден белгилешибиз, ага жараша иштешибиз зарыл.

Кыргызстандагы мектептерде билим берүүнүн абалы мурдагыдай эле чыныгы турмуштан алыс. Учурда билим берүү негизинен абстрактуу билимдерди өздөштүрүүгө негизделип, инсанда аткаруучулук жөндөмүн өстүргөнү менен, ага баш айланткан ылдамдык менен өзгөргөн дүйнөгө ыңгайлана ала турган, жекече жөндөмүн, өз алдынчалыгын өстүрүүгө багытталган билим жана билгичтиктер берилбей келет. Себеби, окуу программаларында күндөлүк же учурдагы өлкөдөгү экономикалык, саясий, социалдык, практикалык маселелерге, базар экономикасы шарттарында жашоого ылайыкталган материалдарга аз орун берилип, көбүнчө абстрактуу билимге маани берилген. Андыктан мектептерибиздин бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү учурдагы шарттарга, базар экономикасынын эмгектик талаптарына ыңгайлаша албай, кыйналышууда. Натыйжада ишсиздер армиясындагылардын санын арбытууда, өздөрүнө ишеничин, эртеңки күнгө үмүтүн жоготуп, келечектен күткөнү жок, максатына жетүү жолдорун издөөдө жетерсиз, белгилүү бир маселени чечүүдө абдан кыйналууда, жоопкерчиликтүү иштерди аткаруудан качууда, өз укугун коргой албай, башкаларга кээ учурда «жок» дегенди билбей коркууда. Балдарда «турмушка, жашоого даярдык» түшүнүгү мурдагыдан дагы кеңири түрдө колдоого алынып, сабактардагы темаларда турмушта кездешкен проблемалар жана аны чечүү жолдору тууралуу көндүмдөр, билим жана билгичтиктер үйрөтүлүүсү керек. Азыркы окуучу реалдуу турмушта жашаганы үчүн ага теориялык билимден мурда практикалык көндүмдөрдү үйрөнүүсү зарыл. Себеби, баары эле

жогорку окуу жайына тапшырып билимин улантууну тандай албашы мүмкүн. Ошондой эле, өз жөндөмүн, эмнени каалаганын, жана проблеманы чечүүнүн түрдүү жолдорун билген бала күнүмдүк жашоого оңой ыңгайланышат. Ар бир балага максат коюп жашоону үйрөтүү билим берүүнүн кечиктирилгис максаты болуш керек да, жалпы максаттарыбызды да кечикпестен белгилешибиз зарыл.

Азыр бардык өнүккөн өлкөлөр өз атуулдарынын кийин кандай киши болоорун көргүсү келгенин аныктоо үчүн билим системаларынын максатын белгилеп алышат. Максатсыз даярдалган кадрдан же чоңойгон, өстүрүлгөн балдардан «эптеп эл арасында аман жүргөнү» эле болбосо, келечекте эмне күтөбүз?– деген суроо туулат. Албетте, бул суроо ар бир билим берүү тармагында иштегендерди тынчсыздандырбай койбойт. Андыктан мыйзамыбызда бирдиктүү Кыргызстан атуулун тарбиялоо максаты коюлушу, мекенин, элин сүйгөн, чогуу жашаган өлкө калкынын өзгөчөлүктөрүнө, маданиятына урматтоо менен мамиле кылган, маданий, рухий байлыктарга ээ жана бул өлкө атуулу болуудан сыймыктанган, изденген, проблемаларды көрүп аны чечүүнүн жолдорун издей алган, өзүнө, өз күчүнө, потенциалына ишенген, эмгекчил, окуяларды, абалды ар тараптуу анализдей алган, өз укугун жана жоопкерчилигин билген, адептүү, аң сезимдүү түрдө өндүргөн (пикир, ой, товар), аң сезимдүү талап кылган, өлкөсүнүн өнүгүүсүнө салымын кошо алаарына ишенген атуулдарды тарбиялоо максаты белгилениши керек.

Жыйынтыктап айтканда, билим берүүнүн максаты – балдарды эртеңки жашоого, турмушта өз ордун таба алууга даярдоо болуш керек. Биздин системабызда окуу программаларында ар бир сабактын максаты кыскача белгиленгени жана мугалимдерибизге сабактын максатын белгилеп туруп окутуу үйрөтүлгөнү менен системанын жалпы максаты, алардын тарбиялоо, окутуу, үйрөтүү боюнча тактыгы белгисиз. Мисалы, «мекенди сүйүүгө тарбиялоо» деп жазылганы менен окуучуларда бул сезимди кандайча калыптандыраарыбыз белгисиз. Максаттардын жалпы адамзатына тиешелүү баалуулуктар, патриоттук сезимдер, изденүү жөндөмдүүлүгү, максат коё билүү, башкаларга, башка элдерге, этносторго, дин өкүлдөрүнө сый мамиле кылуу, жекече адептик –ахлактык, жоопкерчилик алуу сезимдерин өстүрүү, үй бүлөлүк жоопкерчилик жана баалуулук сезими, мекендештик, атуулдук сезимдеринин калыптандырылышы, ишинде ийгиликке жетүүнү максат коюуну үйрөтүү боюнча такталып жазылуусу маанилүү. Андай болбогон абалда, тилекке каршы, башкалардын оозун карап турган, өз алдынча ойлоно албаган, ойлонуу жөндөмүн өстүрө албаган, өзүнө ишеничи абдан төмөн, жетишсиздик комплекси менен чоңойгон, ал үчүн ар дайым башкалардын анын проблемасын чечип берүүсүн, жардамын күткөн, жардам болбой калса башын ийип тагдырына таарынган же проблеманы чечүү жолдорун издебей, биле албай кыйналган мекендештерди көрүү, же башкалардын үгүттөөсү менен эмне иш кылып жатканына көңүл бурбай, аны эмне үчүн кылып жатканына маани бербей жоопко тартылып кеткен атуулдарды көрүүгө болот.

«Ойлонбогон, башын ийген инсандардан, ойлонбогон башын ийген коом түзүлөт» деген. Бизге да ойлонуу жөндөмдүүлүгү өскөн, башканын пикирине көз каранды болбой, өз алдынча проблема чече алган, чыгармачыл ойлонгон, өз оюн айтып түшүндүрө ала турган сөз байлыгына ээ, өз алдынча окуп үйрөнүүгө жөндөмдүү, проблеманы көрө билген, окуяны, абалды анализдей алуу күчүнө ээ, максаттуу, турмуштан эмне каалаганын билген, башкаларга суктанганды же жетишпестик комплексине киргенди коюп, өз күчүнө ишенген жаштарды, атуулдарды тарбиялоо зарыл.

Ушуга жараша улуттук идеология да келип чыгат же тескерисинче, улуттук идеология менен билим берүүнүн максаты дал келиши маанилүү. Учурда коомго чыгармачыл ойлоно алган, ар түрдүү кырдаалга ылайык маселелерди чече билген, жөндөмдүү кесип ээлери, өлкөбүздүн жаркын келечегине жол ачат. Анткени, мамлекетибиздин келечеги билимдүү жаштардын колунда.

**Адабияттар:**


1. Абдырахманов Т.А., Ногаев М.А. Азыркы билим берүүдөгү компетенттик мамиле: – Б. 2013–121 б.
2. Бермус А.Г. Проблемы и перспективы реализации компетентностного подхода в образовании: –М.2005– С.3.
3. Бадер, Д. Мартенс, Б. Оскарсон, А. Шелтен, Саймон Ш. Самсонова М.В. –// Качество. Инновации. Образование.–2008.–№6.–С.17-24.

   В.И. Вайденко, И.А. Зимняя, О.Е. Лебедева .– // Высшее образование сегодня.–2006.–№8.–С.20-26.
4. Жыргалбекова Г.К. К вопросу о компетентностном подходе в интерпретации содержания социально–экономического образования–«Современные тенденции развития науки и технологий» – Белгород 2016. №3–12–С.6.
5. Зеер Э. Ф. Компетентностный подход как методологическая позиция обновления.–
6. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии. – М.:«Народное образование», 1998. –150 с.


**Рецензент: к.и.н., доцент Зайниев Р.А.**